***DOI:10.26104/NNTIK.2022.64.90.060***

*Тайирова Н.М., Зулуев Б.Б., Тайиров М.М.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК-БАТЫШ АЙМАГЫНДАГЫ ДИНИЙ МЕКТЕПТЕР ЖАНА ЫЙЫК КУРАН МЕНЕН ХАДИСТЕРДИН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

*Тайирова Н.М., Зулуев Б.Б., Тайиров М.М.*

# РЕЛИГИОЗНЫЕ ШКОЛЫ ЮГО-ЗАПАДНОГО РЕГИОНА КЫРГЫЗСТАНА И ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ СВЯЩЕННОГО КОРАНА И ХАДИСОВ

*N. Taiirova, B. Zuluev, M. Taiirov*

# RELIGIOUS SCHOOLS OF THE SOUTHERN-WESTERN REGION OF KYRGYZSTAN AND THE UPBRINGING VALUE OF THE HOLY QURAN AND HADITHS

*УДК: 947.1:2(575.2)*

*Макалада элибиздин Исфайрам-Сай чөлкөмүнө 1650-жылдары көчүп келишинин себептери каралат. Исфайрам-Сай чөлкөмү Улуу жибек жолунун бир бөлүгү болгондуктан, Кароол айлынын 1840-1940-жылдар аралыгында бул аймактын экономикалык да, социалдык да борбору болгондугу талкуланат. Бул чөлкөмдүн эл башкарган бийлери жаштарды Кашкар, Гарм, Фергана, Самаркан ж.б. шаарлардагы медреселерге окууга жиберишкен. Алар билимдүү болушуп келгенден кийин түрдүү мамлекеттик кызматтарда иштешкен. XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап гана медреселерди бүтүргөндөр айылдык мечиттерде диний мектептерди уюштурушуп жаштарга баштапкы диний билимдерди (2-4 жыл аралыгында) бере баштакан. Ал диний мектептерде негизинен беш түрдүү сабак өтүлгөн: 1. Багдадия, 2. Набдал кыраат, 3. Муктасар, 4. Куранды тафсирлөө, 5. Эсеп. Багдадия жана Набдал кыраат сабактары араб тилин (окууга жана жазууга) үйрөтүүгө байланышкан болсо, эсеп сабагы математикалык ойлонууну өстүрүүгө багыталган. Муктасар жана Куранды тафсирлөө сабактарын өтүүдө өтө терең таалим-тарбия процесси жүргөн. Бул сабактарда милдетүү түрдө Ыйык Курандын сүрөлөрүн, аяттарын жана хадистерди араб тилинде айтып, фарсий тилге которуп, анан түрк тилинде маанисин түшүндүрүшкөн. Мындай диниий мектептер Исфайрам-Сай чөлкөмүндө XX кылымыдын 30-жылдарына чейин иштеп турган.*

***Негизги сөздөр:*** *диний мектептер, талабалар, мударистер, Багдадия, Муктасар, Ыйык Куран, хадистер, таалим-тарбия, Улуу жибек жолу, Исфайрам-Сай.*

*В статье рассмотрены причины переселения нашего народа в регион Исфайрам-Сай в 1650-х гг. из района Жазабан Ферганской области. Регион Исфайрам-Сай является частью Великого шелкового пути. Село Кароол находится в регионе Исфайрам-Сай и с 1840 по 1940 годы было экономическим и социальным центром. Аксакалы и бийи этого региона отправляли малодежь учиться в медресе городов Кашгар, Гарм, Фергану, Самарканд и другие места. Получив образование, выпускники устроились на государственную службу. Лишь во второй половине XIX века выпускники медресе открывали религиозные школы при сельских мечетях и давали молодежам базовое религиозное образование (в течение 2-4 лет). В этих религиозных школах преподавались пять видов уроков: 1. Багдадия, 2. Набдал кыраат (чтение по инструкции), 3. Муктасар, 4. Толкование Корана, 5. Эсеп (Учет). Уроки Багдадия и Набдал кыраат связаны к обучению арабской письменности и чтению, а уроки учета направлены на развитию математического мышления. На уроках Муктасара и толкования Корана шел очень глубокий воспитательный процесс. На этих уроках обязательно читали суры, аяты Священного Корана и хадисы на арабском языке, переводили их на персидский язык, а затем объяснили их значение на тюркском языке. Такие религиозные школы существовали в районе Исфайрам-Сай до 1930-х гг. XX века.*

***Ключевые слова:*** *религиозные школы, воспитанники (талаба), мударисы, Багдадия, Муктасар, Священный Коран, хадисы, воспитание, Великий шелковый путь, Исфайрам-Саи.*

*The article discusses the reasons for the resettlement of our people to the Isfairam-Sai region in the 1650s. From the area of Jazavan Fergana region. Isfairam-Sai region is part of the Great silk road. The village of Karool is located in the Isfairam-Sai region and from 1840 to 1940 it was an economic and social center. Aksakals of this region sent a low-teles to learn in madrasa to Kashgar, Garm, Fergana, Samarkand and other places. Having to education, graduates settled in public service. Only in the second half of the XIX century graduates of the madrasa opened religious schools in rural mosques and gave younger basic religious education (within 2-4 years). In these religious schools, five types of lessons were taught: 1. Bagdadia, 2. Nabdal kyraat (reading according to instructions), 3. Mucktasar, 4. Interpretation of the Quran, 5. Esep (Accounting). Lessons Baghdadia and Nabdal kyraat related to learning Arabic writing and reading and accounting lessons are aimed at developing mathematical thinking. On the lessons of Mucktasar and Interpretation of the Quran was a very deep educational process. In these lessons, suras, ayats of the Holy Quran and the hadiths in arabic, were sure to read them into persian, and then explained their importance in the turkic language. Such religious schools existed in the Isfairam-Sai area until the 1930 years*

***Key words***: *religious schools, educators (talaba), mudaris, baghdadia, muktasar, Holy Quran, hadiths, upbringing, Great silk road, Isfairam-Sai.*

Аталарыбыз айткан санжырага жана алардын сөөктөрү коюлган мазарлардын даректерине ылайык, ошону менен бирге тарыхый маалыматтардын негизинде [1], биздин бабаларыбыз азыркы Кадамжай районунун Исфайрам-Сай чөлкөмүнө 1650-жылдары Өзбекстандын Фергана облусунун Жазабан аймагы-

нан түрдүү кырдаалдарга байланыштуу жер которуп келишкен. Ал мезгилде Исфайрам-Сай чөлкөмүндө эч ким болгон эмес (жашаган эмес), ошондуктан бабаларыбыз каалаган жерине жайгашышкан. Биринчи эле Чаувайдын оозуна (кире-бериш жерине) отурукташып, кийин Кичиненин оозуна (азыркы Кароол айлына) жана Көл айлына (азыркы Көл жайлоосуна) көчүп барышкан [2]. Совет доорунун колхоздоштуруу мезгилинде Көл айлындагы элди Кароолго жана башка айылдарга көчүрүшкөн. Ошентип элибиз азыркы мезгилде Исфайрам-Сай чөлкөмүнүн тоо жана чөл зоналарында туруктуу жашап жатышат.

Өткөн 350-400-жылдар аралыгында элибиздин чыгаан уулдары Фергана өрөөнүнүн, Кашкар аймагынын, Тажикистандын борбордук бөлүгүндөгү Каратегин бектигинин жана Самаркан, Бухара шаарларынын медреселеринде билим алышып түрдүү мамлекеттик кызматтарда иштешип эл башкарып келишкен [2-9] .

Саякатчы Д.Н. Логофет өз эмгегинде Бухара эмиратынын чыгышындагы (азыркы Тажикистандын аймагы) шаарларда Кулябта, Гиссарда, Душанбеде, Гармда ж.б. медреселердин болгондугун баяндайт [4]. Анын маалыматты боюнча бул медреселерде талабалардан сырткары мударистер, имамдар, азанчылар, фароштор (эшик тазоолочулар) ж.б. жашашкан. Мындан сырткары, ал медреселердеги окуу курстарына, окуу китептерине токтолуп, алардын эмираттын аймагындагы башка медреселерден айырмаланбагандыгын жазган.

Кашкар бул Улуу жибек жолу өткөн, азыркы Кытай Эл Республикасынын түндүк-батышындагы, чоң шаар. Шаарда өз учурунда 2 чоң мечит-медресе курулган, анын бирөөсү «Ид Ках» XV кылымдын 20-жылдарында, ал эми экинчиси «Абах-Ходжи» XVII кылымдын 40-жылдарында бүтүп иштей баштаган.

Фергана өрөнүндөгү диний мектептердин жана медреселердин кайсы мезгилден баштап уюштурулгандыгы, анын уюштуру себептери, баскычтары жана окуу сабактары Б.Б. Зулуевтин доктурлук диссертациясында [5] жана Кыргызстандын түштүк-батыш аймагындагы медреселердин тарыхы жана өнүгүшү Н.М. Тайированын макаласында [9] каралып талкуланган.

Биздеги маалыматтар боюнча XIX кылымдын экинчи жарымында гана элибиздин бийлери жаштарды жогоруда айтылган аймактардагы, шаарлардагы медреселерге окууга жөнөтүп, алар медреселерди бүтүрүп келишкенден кийин атайын салынган мечиттерде диний мектептерди уюштуруп балдардын сабаттарын ачышып, билим-тарбия беришкен.

Алардын кээ бирөөлөрүнө токтолобуз: Осмонбай уулу Жоро Исфайрам-Сай чөлкөмүнүн Көл айылында 1875-жылы туулган. Анын жаштайынан эле зирек экендигин байкаган атасы Осмонбай 1888-жылы Бухара эмиратынын Каратегин бектигинин борбору Гармдагы медресеге окууга жөнөтөт, анткени Исфайрам-Сай чөлкөмү (Кароол айылы) аркылуу Улуу жибек жолунун бир бөлүгү өткөндүктөн, кербендер, соодагерлер ж.б. тынымсыз Фергана өрөнүнөн Кашкарга, Сары-Колго (Мургап), Каратегинге (Жерге-Тал) жана ал тараптан Фергана өрөнүнө карап өтүп турушкан. Өз учурунда Кароол айылы 1840-жылдан 1940-жылдарга чейин Маргалан менен Дароот-Коргондун ортосундагы жалгыз базары, көптөгөн дүкөндөрү, таш тегирмендери жана онго жакын чайканалары бар экономикалык да, маданий да борбор болуп турган. Ошол себептен бабаларыбыз Фергана өрөнүнөн сырткары Кашкардагы жана Гармдагы жакшы медреселердин бар экендигин билишкен.

Ошондуктан Осмонбай Жоро баласыны Гармдагы медреседе 7 жыл окуткан. Ар жылы окууга жөнөтөөрдө (сентябрь-октябрь айлары) медресенин жана мударистердин акысына деп бир жүгүрүк аттын акчасын берип, экинчи жүгүрүк атын мингизип жөнөткөн. Жоро окуу жылын апрель-май айларында бүтүрүп келген.

Молдо Жоро 1895-1896 жылдары Гармдагы медресени аяктап келгенден кийин, атасы Осмонбайдын жана туугандарынын колдоосу менен Көл айылынын Жамбулагына чоң мечит курдурат. Ал мечиттин да, диний мектептин да милдеттин аткарган. Бул диний мектеп 1930-жылга чейин иштеген жана анда төмөндөгүдөй сабактар окутулган:

1. Багдадия – араб алфавитини жазууну, сөз куроону, кыска сүйлөмдөрдү түзүүнү, ошондой эле Курандан 1 параны окууга үйрөтөт. Курандын 1 парасы бул кыска сүрөлөрдү камтыган бөлүгү (Куран 30 парадан турат).

2. Набдал кыраат – Курандагы сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү окуунун эрежелерин үйрөтөт. Курандагы көп сөздөр сүйлөмдөрдүн кайсы жеринде келишине жараша түрдүүчө болуп окуларын баяндайт.

3. Муктасар – ислам дининин мыйзамдарын, эрежелерин, жоболорун б.а. шариятты (шарият бул Куранга негизделген ислам эрежелеринин, жүрүм турумдардын, укуктардын системасы) үйрөтөт. Бул сабакка арналган түрк тилиндеги китептерди колдонушкан.

4. Куранды тафсирлөө – Куранды чечмелөө. Куранды чечмелөө учурунда көптөгөн ислам аалымдарынын айтып да, жазып да калтырган хадистерин пайдаланышкан.

5. Эсеп – сандарды, убакытты эсептөөнү, бирдиктерди колдонууну, арифметикалык амалдарды жүргүзүүнү ж.б. үйрөтөт.

Диний мектепте окутулган сабактардын ичинен «Багдадияны» окутуп буткөндөн кийин гана «Набдал Кыраат» (Куранды кырааты менен окуу) сабагы өтүлө баштайт б.а. бирини-бири улап кетет. Ал эми калган сабактарды болсо диний мектепти бүткөнгө чейин окутушкан.

«Муктасар» жана «Куранды тафсирлөө» сабактарын окутуу мезгилинде өтө терең таалим-тарбия процесси жүргөн. Диний мектептерде бул сабактарды өтүүдө милдеттүү түрдө Ыйык Курандын аяттарын же сүрөлөрүн жана хадистерди араб тилинде айтып, аны фарсий тилине которуп, андан кийин түрк тилинде маанисин түшүндүргөн. Ал үчүн мударис араб, фарсий жана түрк тилдерин өздөштүргөн болушу керек. Молдо Жоро Гарм медресесин бүтүрүп келгенде эле бул үч тилде сүйлөй да, жаза да алган.

Молдо Жоро элибиздин балдарын окутуп жүрүп Балтабай уулу Абдыкадырдын зиректигин жана билимге болгон ынтызарлыгын билип, ага көңүл коюп мыкты окуткан. Молдо Жоро Абдыкадырга мен сага билген билимди бердим, эми башка жерлерден билим алууңду улантсан болот деп ак батасын берген. Абдыкадыр Пум айлындагы Абдыкайым эшендин медресесинде да билим алган [3]. Тагдырдын буйругу менен Абдыкадыр Самаркан шаарына барып жашап, диний мектептерде (мечиттерде) жана медреселерде иштеп жүрүп эшен даражасына жеткен дасыккан диний аалым болгон. Аны «Эшани Кадыр Кары» деп аташкан [3].

Эми Ыйык Куран менен хадистерге токтолобуз. Биздин замандын VII кылымында Арабияда пайда болгон ислам маданияты тез өнүккөн цивилизация катары тарыхка кирген. Ислам дининин ыйык китеби – Куран, ал араб тилинде «Кара’а», «оку» деген сөздөн алынган, аны Алла Тааланын (Кудай) жердеги өкүлү Мухаммад пайгамбар (570-632-ж.ж.) аркылуу өз пенделерине жиберген. Ал китептин жана ислам дининин башкы идеясы - Алла Таала жалгыз жана анын жалгыздыгына ишенүү. Ар бир адам кудайдын астында өзүнүн кылган иштери үчүн жооп берет. Адам каза болгондон кийин бул убактылуу дүйнөдө аткарган сооптуу жана күнөлүү иштерине жараша бейишке же тозокко киришет.

«Куран деген эмне» деген суроого «Кыргызстан улуттук энциклопедия» сында мындай жооп берилет:

Куран – жер менен асмандардын жаратуучусу болгон Алла Тааланын сөзү,

Куран – Алла Тааланын жер менен асмандагы көркөм ысымдарынын руханий казынасын ачыктаган, сырдуу кайып ааламынан кабарларды билдирген тил.

Куран – ислам дининин жаркыраган күнү, пайдубалы.

Куран – адамзаттын материалдык, моралдык бүткүл муктаждыктарын канааттандырарлык абалда түшүрүлгөн Алла Тааланын берекелүү, кемтиксиз ыйык китеби.

Куран – адамдык наркка ылайык, анын жүрөк, рух, акыл жана дене түзүлүшүн эске алып, Алла Таала тарабынан жиберилген мыйзамдар жыйнагы.

Куран – шарият өкүмдөрүн, Алла Таалага кулчулуктун кандайга аткарыларын, дуба-адептерин жана башка даанышман сырларга толгон маалыматтарды өз ичине камтыйт.

Куран – Алла Таала тарабынан жиберилген китептердин соңкусу жана кыяматка чейин жоголбой, бузулбай турганы.

Куран – Алла Таала тарабынан вакий жолу аркылуу Азрети Мухаммад пайгамбарыбызга (с.а.в.) түшүрүлгөн ыйык китеп. 6236 аяттан жана 114 сүрөдөн турган мужиза китеп.

Куран – сабатсыздарды, адашкандарды, туура эмес ишенимдегилерди, адамдардын кайдан келип кайда барарын билбегендерге туура жолду көргөзүү үчүн жана адамдарды эки дуйнөдө бактылуу кылуу үчүн түшүрүлгөн.

Куран – адамзаттын Алла Таала менен, жаратылыш жана андагы жандуу нерселер менен адам баласынын ортосундагы мамилелерди үйрөтөт. Ошондой эле Куран адамзаттын материалдык жана руханий муктаждыктарын толуктайт.

Куран – адамдын үй-булөсүндө жана социалдык жашоосунда чоң роль ойнойт жана эң туура жолго жолдойт.

Куран – адамдарды караңгылыктан нурга чыгарат. Турмушубузда кандай гана нерсе болбосун ар дайым Куран менен сүннөткө таянып иш кылсак эч качан адашпайбыз жана ишибиз ар дайым ийгиликтүү болот [6].

Куранды окууну баштоо үчүн ким болбосун аны оң колго алып, «Бисмиллахир рахмаанир рахиим» деп баштаган. Куран – мусулмандардын адептик эреже-нормаларын белгилеген, анын жоболору ар бир мусулман пендеси үчүн ыйык эсептелген.

Бул Ыйык Куранга ылайык, ислам дини негизги беш түркүктөн турат. Алар:

1. Бир Алла Тааладан башка кудай жок. Алла Тааланын элчиси – Мухаммадке күбөлүк берүү.
2. Намаз окуу.
3. Орозо кармоо.
4. Зекет берүү.
5. Ажыга баруу (мүмкүнчүлүгү жеткен болсо).

Мусулман пендеси Алла Таала башына салган кайгыга да, кубанычка да баш ийүүсү, тыюу салган нерселерден тыйылуусу керек. Адам бардык нерсеге шүгүр кылат, сабырдуулук аны бакытка алып келет.

Ыйык Куран бул Алла Тааланын өзүнүн сөздөрү. Ыйык Куранды Алла Таала Мухаммадке 23 жылда бөлүп-бөлүп түшүргөн. Ыйык Куран үмөттөр үчүн түбөлүктүү (кыямат күнүнө чейин) керемет. Ошондуктан ар бир мусулман адалды адал деп, арамды арам деп билүүсү жана Ыйык Куранды окууда төмөнкү адептерди билүүсү жана сактоосу зарыл:

1. Ыйык Куранды жана андан көчүрүлгөн баракчаларды таза сактоо жана ылайыктуу таза жерге коюу. Ылайыксыз жерлерге, мисалы, мончо, ажаткана

ж.б.у.с. жерлерге жакындатпоо. Бул урматтоо Алла Тааланын сөздөрүнүн ыйыктыгы үчүн жасалат.

2. Ыйык Куранды тазалыкта, даарат менен окуу. Кыблага карап, адеп жана оор басырыктуу болуп олтуруу.

3. Ыйык Куранды окуу алдында шайтандан сактанып, «Ауузу биллахи минаш шайтоонир рожиим» деп айтуу.

4. Ыйык Куранды окуган кезде кичи пейилдүүлүк, ойлонуу менен, жүрөк менен берилип, маанилерине жана сырларына түшүнүү менен окуу.

5. Ыйык Куранды окуган кезде тынч олтуруу жана сүйлөшпөстөн угуу.

6. Ыйык Куранды окуган кезде тавжид эрежеси менен шашылбастан окуу.

7. Ыйык Куран окууну ар дайым улантуу жана аны жатка сактоо (унутпоо).

8. Ыйык Куранды окуган кезде жакшы үн менен окууга аракет кылуу.

9. Эгер кимде ким Ыйык Куранды тавжид эрежеси менен окууга алы жетпесе, мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче так окууга аракет кылуу.

10. Сежде аяттары окулган кезде сежде кылуу. Тозок оту эстетилген учурда орундарда Алла Тааланын ысымы менен сактануу дуасын окуу. Бейиш жана анын эли жөнүндө эстетилген учурда орундарда Алла Тааладан бейишти сурап дуа кылуу.

11. Аятты окубастан, жалаң маанисин айтпоо. Эгерде аятты же сүрөнү билбесе, анда кармануу. Маанисин айтпоо. Ошондой эле аятты шек менен окубоо. Анткени, Ыйык Куранга анда жок нерсени кошуп коюу же кемитип коюу коркунучу туулат [7].

Мына ушул эрежелер талабалар үчүн катуу сакталган, өзгөчө окуу процесси ушул адептик нормаларды үйрөтүү менен балдар кийин ал эрежелерди башкаларга насааттаган. Алла Таалага ишенген адам беш убак намазын окуйт, намаз окуу кезинде жакшылыктарды тилейт, ой-максатын тазалайт, жамандык кылбоого ниеттин айтат.

Динге ишенген адам жаман жолго баспайт, калп айтпайт, уурулук кылбайт, бирөөнүн акысын жебейт, аманатка кыямат кылбайт, жан-жаныбарларды аяп турат, жетим-жесирлерге, колунда жокторго кайрымдуу болот. Ыйык Курандын дагы бир осуятты – ата-энелерге, туугандарга карамдуу болуу, устаттарды улуктоо, илим үйрөнүү жана аны башкаларга үйрөтүү.

«Хадистер»диний мектептерде окуу предметти катары окулбаса дале «Куранды тафсирлөө» жана «Муктасар» сабактарын окутууда көптөгөн ислам аалымдарынын ооз эки айтышкан жана жазып калтырышкан хадистер туралуу эмгектерин пайдаланышат. «Хадис» деген сөз араб тилинен которгондо «жаңылык», «кабар», «аңгеме» деген маанини билдирет. Хадисте Мухаммад пайгамбардын кылган иштери, айткан сөздөрү мусулмандардын диний-укуктук эреже-нормалары катары айтылган. Хадистерди накыл сөздөр, насааттар, макал-лакаптар, учкул сөздөр деп түшүнүү керек. Хадистерде айтылган ойлор сүннөт деп айтылып, мусулман маданиятынын, этикасынын кодексин түзгөн.

Кыргызстанда педагогикалык багытта Б. Апыш жана Т. Козукуловдун «Мухаммад пайгамбардын таалим-тарбия жөнүндөгү даанышман ойлору» деген китебинде хадистердеги педагогикалык идеяларды акыл тарбиясы, адеп-ахлак тарбиясы, эмгек тарбиясы, эстетикалык тарбия, жыныстык тарбия, экологиялык тарбия деп бөлүштүрүп караган [8].

Ислам дүйнөсүндө VII кылымдын ортосунан баштап Мухаммад пайгамбардын хадистери топтолуп, аларды ар тараптан үйрөнүү жана үйрөтүү үчүн Имам-ал-Хадис (хадистер туралуу илим) пайда болуп, абдан өнүккөн. Хадистерди жыйнаган жана жайылткан ааламдарды «мухаддис» деп аташып, алардын эмгегин өтө жогору баалашкан. Ал-Бухарий, Муслим, Табараний, Ибин Маджа, Тирмизий ж.б. мухаддистердин жыйносунда жана иретке келтирүүсүндө хадистердин канондук текстери пайда болгон. IX кылымдагы хадистерди «Ас Сахих» деген ат менен чыгарган. Ал-Бухарийдин жыйнаган материалдары жеткиликтүү (сахих) катары таанышкан.

Айрым хадистерге көңүлүңүздөрдү бурайлык:

- Кимде ким бир жакшылыкка себепкер болсо, аны аткаргандай сооп табат (Муслим),
- Чыныгы сабырдуулук – кыйынчылыктын алгачкы учурунда (Бухарий),
- Адамдарга ырайым кылбагандарга, Алла да ырайым кылбайт (Бухарий),
- Үнөмчүл болгон жакыр болбойт, кеңешкен адам өкүнбөйт (Табараний),
- Алла шыпаасын жаратпаган, бир да оору жок (Бухарий),
- Иштеген адамдын акысын тери кургай электе бергиле (Ибин Моджа),
- Суу отту өчүргөндөй, садакада күнөө-каталарды өчүрөт (Тирмизий),
- Үч киши болсонор, экөөңөр досуңардан четтеп шыбырашпагыла (бул анын коңулүн орутат) (Бухарий).

Жогорудагыдай жазылган хадистер адамдарды оң сапаттарга тарбиялаган, ошондой эле Мухаммад пайгамбардын жүрүм-туруму, адамдарга болгон мамилеси, калтырган насааттары менен диний мектептердин мударистери да талабаларына адептик ыймандык жолдорун үйрөтүшкөн.

Жыйынтыктап айтканда Ислам маданияты VIII-IX кылымдардан баштап Арабиядан Жакынкы жана Орто Чыгышка, Борбор Азияга тарала баштаган. Бул аркылуу араб тилин жана маданияттын кеңири үйрөнүшкөн. Ошол учурдан баштап эле диний мектептер жана медреселер ачыла баштаган, ошондой эле алар тынымсыз өнүктүрүлүп турган.

Исфайрам-Сай чөлкөмүндө болсо диний мектептер жана медреселер XIX кылымдын акырында, алдынкы медреселердин бүтүрүүчүлөрүнүн демилгеси менен, уюштурулуп XX кылымдын 30-жылдарына чейин иштеп турган.

VIII-IX кылымдардан тартып диний билим берүүчү мектептердин типтери негизинен төмөнкүдөй болуп калыптанган:

1. Диний мектеп уул балдарга арналган. Максатты – Куран окуу, арабча сабатын ачуу, жазууну үйрөнүү. Окуу мөнөтүү 2-4 жылга созулган. Алдынкы диний мектептерде эсепти жана поэзияны да үйрөтүшкөн.

2. Каарыкана бул диний мектеп эле болуп, көзү азиз кишилер жатып окушкан, аларга каарыкана башы Куранды жаттаткан.

3. Атун-биби мепктеби бул кыздар билим алган диний мектеп болуп ал жерде иштеген окутуучулар да аялдар болгон. Бул мектепте кол өнөрчүлүктү, тамакаш жасоону, үй-тиричилигин жүргүзүүнү жана поэзияны үйрөтүшкөн.

Диний мектептерде эл арасынан чыкаан зээндүү балдарды окутуп, тарбиялап илим менен тааныштырып, алар аркылуу жалпы элибизди адептүү, ыймандуу болушун камсыз кылып турушкан.

Мына ошентип диний мектептерде «Куранды тафсирлөө» жана «Муктасар» сабактары аркылуу ар тараптуу таалим-тарбия берилгендигине жана хадистердин этикалык-педагогикалык маанисине көңүлүңүздөрдү бурдук.

Бул илимий макаланын материалдарын чогултууга кошкон салымы үчүн Мурат уулу Абдыкабыл агайга, Саманчы уулу Курсан аксакалга чоң ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

**Адабияттар:**


1. Тайирова Н.М., Зулуев Б.Б., Тайиров М.М., Мусаев О.М. Жаштарга «Максым сулуу» эпосу (Исфайрам-Сай варианты) аркылуу мекенчилдик сезимди калыптандыруу жана кыз сулуулугун даңазалоо, ОшМУнун жарчысы, 4-серия Педагогика, психология жана филология илимдери, 2021. - Т.2. Вып. 4. - 1158-1169-бб.
2. Мусаев О.М., Тайиров М.М., Таиров Х.Р. XVIII кылымдагы Исфайрам-Сайлык кыргыздардын Кокон хандыгы менен болгон мамилелери. Саманчы бий жана Чолдонун куну, ОшМУнун жарчысы, Атайын чыгарылыш, 2017.-208-211-бб.
3. Тайирова Н.М, Мусаев О.М., Тайиров М.М. Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмүндөгү Абдыкайым эшендин, молдо Шараптын жана молдо Абдыкадырдын агартуучулук иштери (XIX кылымдын экинчи жарымы-XX кылым), ОшМУнун жарчысы, 4-серия Педагогика, психология и филология илимдери, Ош, 2020. - 79-92-бб.
4. Логофет Д.Н. Бухарское ханство под русским протекторатом (текст), Логофет Д.Н. - Т.2. - СПб., 1911. - 340 с.
5. Зулуев Б.Б. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында). / Пед. илим. докт. дисс. - Ош, 2018. - 265-б.
6. Кыргыз Улуттук энциклопедиясы, 5-том / Башкы редактору Ү.А. Асанов. - Бишкек:, Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014. - 726-б.
7. Мухаммаджанова М.Т. Этнические взгляды Джалолуддина Руми (текст), Мухаммаджанова М.Т. - Душанбе, 2001.-168 с.
8. Апыш Б., Козукулов Т. Мухаммад пайгамбардын таалим-тарбия жөнүндөгү даанышман сөздөрү. - Б., 2003. - 80-б.
9. Тайирова Н.М., Зулуев Б.Б., Тайиров М.М., Кыргызстандын түштүк-батыш аймагындагы медреселер жана алардын жаштарга билим берүүдөгү ролу (XIX кылымдын аягы-XX кылымдын башы) / Н.М Тайирова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №8. - С. 118. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/archive.
10. Тайиров М.М., Мусаев О.М. Исфайрам-Сайлык кыргыздардын жана эшендердин тарыхы / М.М Тайиров. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2018. - №5. - С. 92-96. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2018/5/